Айдыңы арткан – «Алтынкен»

# 2026-жылдагы «Өнүгүүнүн негизи – достук» аттуу алгачкы корпоративдик-коомдук мелдештер



*Үстүбүздөгү жылдын 21-майында «Алтынкен» компаниясынын спорттук комплексинин аймагында «Өнүгүүнүн негизи – достук» урааны астында компаниянын кызматкерлери менен жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн ортосунда алгачкы корпоративдик-коомдук спорттук мелдештер өткөрүлдү.*



Мелдештин салтанаттуу ачылышына башкармалыктын төрагасы Чжан Яомин жана Кемин районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы Канболот Тутуев катышты. Алар өз сөздөрүндө спортчуларды мелдештин башталышы менен куттуктап, мындай иш-чаралар компания менен жергиликтүү коомчулуктун ортосундагы достук мамилени бекемдөөгө жана биргелешкен өнүгүүгө чоң өбөлгө түзөрүн өзгөчө белгилешти.



Салтанаттуу бөлүктөн кийин башкармалыктын төрагасынын орун басары Марат Токтобаев жана Кемин районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы Канболот Тутуев Орловка шаары менен Кемин шаарынын командаларынын ортосундагы футбол беттешине символикалык түрдө старт беришти.







Бул мелдеште спорттун алты түрү боюнча байгелер ойнотулду: мини-футбол, волейбол, баскетбол, шахмат, үстөл тенниси жана бадминтон. Бардык спорттук түрлөр боюнча таймаштар курч мүнөздө өтүп, катышуучулар жогорку даярдыгын жана жеңишке болгон умтулуусун көрсөтүштү. Жалпысынан, бадминтон түрүн кошпогондо, жергиликтүү коомчулуктун командалары байгелүү орундарды камсыздай алышты.

Өзгөчө Кемин районунун Чым-Коргон айылынан келген жаш баскетбол командасын белгилеп кетүү керек. Алар чоңдор командасы менен атаандашып, биринчи орунду багындырып, өздөрүнүн жогорку деңгээлдеги чеберчилигин жана командалык духун көрсөтө алышты.



Мелдеш достук жана өз ара түшүнүшүү маанайында өттү. Иш-чаранын жүрүшүндө жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү компания тарабынан кызматкерлер үчүн түзүлгөн ыңгайлуу шарттар, эс алуу мүмкүнчүлүктөрү жана тамактанууну уюштуруу системасы менен таанышууга мүмкүнчүлүк алышты. Мындай иш-чаралар аркылуу компания өзүнүн тоо-кен тармагындагы ишмердүүлүгүндө ачыктык жана коомчулук менен тыгыз кызматташуу принциптерин карманарын дагы бир жолу далилдеди.

Мелдештин катышуучулары уюштуруучуларга терең ыраазычылык билдирип, келечекте өтө турган спорттук иш-чараларга да активдүү катышууга даяр экендиктерин белгилешти.

**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,**
**"Кыргыз Туусу"**

